DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-60-87-93
УДК: 373

***Карасартова Ж. Б.**, пед. илимд.канд., доцент*
*jyrgalkb@mail.ru*
*ORCID: 0009-0007-3020-0686*
***Джусурова З. В.**, магистрант*
*dzhusurova@list.ru*
*ORCID: 0009-0006-7056-0283*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ КАРЫМ-КАТНАШ МАДАНИЯТЫНЫН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТАРЫ

*Макалада башталгыч класстын окуучуларынын үй-бүлөдөгү карым-катнаш маданиятынын психологиялык-педагогикалык багыттарынын өзгөчөлүктөрү, балдар билимдеринин илимий жетишкендиктерин өздөштүрүп, жан дүйнөсүн, таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн өстүрүп, акыл эмгектерин калыптандырып, интеллектуалдык сапаттарынын өнүгүүсүн камсыздоо керектиги ачыкталган. Балдардын баштапкы иш-*

*аракеттери үй-бүлөдөн башталып, алардын билимдүү, маданиятуу, ар тараптан калыптанган кесиптин ээлери болууга карым-катнаш маданиятынын ролу, окумуштуу педагогдордун, психологдордун, философтордун баланы үй-бүлөдө тарбиялоо боюнча илимий тастыкталган изилдөөлөрү берилген. Үй-бүлөлүк тарбиянын натыйжаларына таянып, окуучуларды бала кезинен кулк-мүнөзүн тарбиялоо жолдору, жашоо тажрыйбалар, өзүн таанып-билүү аркылуу гана инсан болуп калыптанат деген жыйынтыктар, айрыкча, ар бир ата-эне үй-бүлөлүк тарбияга биринчи кезекте маани берип, ата-эненин балдар менен мамилелери, алардын карым-катнашы, бири-бирине сый-урматы, мүнөздөрү балага кандай таасир этери берилген.*

*Макалада карым-катнаш – бул пикир алмашуу, маалымат берүү, баланын эң жогорку кулк-мүнөзүнүн социогенези, окуучулардын маданий дүйнөсүнүн өнүгүш тарыхы, баланын психикалык дүйнөсүнүн негизги фактору жана каражаты, ошондой эле, карым-катнаштын эң маанилүү куралы тил аркылуу тарбиялоонун түшүнүктөрү экени чагылдырылган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *карым-катнаш, үй-бүлө, айлана-чөйрө, кулк-мүнөз, ата-эне, калыптануу, тажрыйба, үй-бүлөлүк тарбиялоо, өнүгүү, маданият.*

***Карасартова Ж. Б.****, канд. пед. наук, доцент*
*jyrgalkb@mail.ru*
*ORCID: 0009-0007-3020-0686*
***Джусурова З. В.****, магистрант*
*dzhusurova@list.ru*
*ORCID: 0009-0006-7056-0283*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАПРАВЛЕНИЯ КУЛЬТУРЫ ВЗАИМООТНОШЕНИЙ В СЕМЬЕ У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

*В статье раскрываются особенности психологического и педагогического подхода к формированию культуры взаимоотношений в семье у учащихся начальных классов. Автор подчёркивает необходимость содействия интеллектуальному развитию детей, формированию их познавательной деятельности, духовного мира и навыков умственного труда на основе научных достижений. Указывается, что первичные действия ребёнка начинаются в семье, где культура взаимоотношений играет ключевую роль в их развитии, образовании и подготовке к будущей профессиональной деятельности. В статье приводятся исследования выдающихся педагогов, психологов и философов о роли семьи в воспитании ребёнка. Опираясь на результаты семейного воспитания, подчеркивается важность развития характера и поведения ребёнка с раннего возраста через жизненный опыт и самопознание. Делается вывод, что личность формируется в значительной степени благодаря семейному воспитанию. Особое внимание уделяется тому, что родители должны придавать первостепенное значение взаимоотношениям в семье, уважению, взаимопониманию и характеру общения, которые оказывают значительное влияние на ребёнка. В статье акцентируется, что общение – это не только обмен мнениями и передача информации, но и средство формирования высших моральных качеств ребёнка, основа развития его психической и культурной составляющей. Важнейшим инструментом воспитания через общение является язык, посредством которого передаются ключевые концепты воспитания.*

***Ключевые слова****: взаимоотношения, семья, окружающая среда, поведение, родители, формирование, опыт, семейное воспитание, развитие, культура.*

***Karasartova J. B.****, Ph.D., associate prof.*
*jyrgalkb@mail.ru*

*ORCID: 0009-0007-3020-0686*
***Jusurova Z. V.**, master's student*
*dzhusurova@list.ru*
*ORCID: 0009-0006-7056-0283*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

# PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL APPROACHES TO THE CULTURE OF FAMILY RELATIONSHIPS IN PRIMARY SCHOOL STUDENTS

*This article explores the psychological and pedagogical approaches to fostering a culture of family relationships among primary school students. The authors emphasize the importance of supporting children's intellectual development, shaping their cognitive activities, spiritual world, and mental work skills based on scientific achievements. It is noted that a child's initial actions begin within the family, where the culture of relationships plays a vital role in their development, education, and preparation for future professional activities. The article references the research of prominent educators, psychologists, and philosophers on the role of family in a child's upbringing. Based on the outcomes of family upbringing, the article highlights the importance of character and behavior development in children from an early age through life experience and self-discovery. It concludes that personality formation significantly depends on family upbringing. Special attention is drawn to the need for parents to prioritize family relationships, mutual respect, understanding, and the nature of communication, which greatly influence the child. The article emphasizes that communication is not just the exchange of opinions and the transmission of information but also a means of cultivating the child's higher moral qualities. It is the foundation for developing their psychological and cultural components. Language is identified as the most crucial tool for education through communication, transmitting core concepts of upbringing.*

***Key words:*** *relationships, family, environment, behavior, parents, formation, experience, family upbringing, development, culture.*

Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушуна байланыштуу, XXI кылымда жашай турган балдар нечен кылымдар бою жыйналган илимий жетишкендиктерди өздөштүрүп, жан дүйнөнүн таанып-билүү ишмердүүлүгүн өстүрүп, акыл эмгегинин калыптанышын жана интеллектуалдык сапаттарынын өнүгүүсүн камсыздоо керектиги – жашоодо эч талашсыз маселелердин бири. Мындай иш-аракеттер үй-бүлөдөн башталып, балдардын билимдүү, маданиятуу, ар тараптан калыптанган келечек ээлери болуусуна түрткү болот.

Учурда "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамга ылайык, "Билим алууга мүмкүндүк" деген "Жеткинчек" программасы "...үй-бүлөдө балдарды тарбиялоого чоңдорду окутуу, билимин жогорулатуу жана жардамдашуу" максатын көздөйт.

Бир нече жыл мурда "Кадам сайын кадам" программасынын негизинде "Билим берүү демилгесинин борбору" түзүлүп, ал борбор "Эрте жаш курак", "Башталгыч класстын окуучулары" ж. б. программа менен иштеп, ата-энелерге, бала бакча мекемелерине жардамдашуу ишин колго алып келген.

Азыркы социалдык-маданий шартта коом изилдөөчүлөрдү да, иштеп жаткандарды да, ата-энелерди да тарбия ишине чоң маани берип, жаңы методдорду, ыкмаларды, инновациялык иштерди жүргүзүүгө мажбурлап отурат [2]. XVII - XVIII кылымдарда өмүр сүргөн батыш европалык жана орустун атактуу педагогдору баланы үй-бүлөдө тарбиялоо боюнча илимий тастыкталган ойлорду айтышкан. Алардын ичинде көрүнүктүү чех педагогу Ян Амос Коменский "Чех туугандар" эмгегинде үй-бүлөлүк тарбиянын жакшы натыйжаларына таянып, баланы жаштайынан кулк-мүнөзүн

тарбиялоо жолун белгилеген. Анын "Эне мектеби", "Табигый таланттын маданияты жөнүндө", "Өспүрүмдөр үчүн чогултулган жүрүм-турум эрежелери" деген эмгектеринде бала тарбиялоо, тажрыйба жана таанып-билүү аркылуу гана адам болуп калыптанат деген жыйынтыкка келген. Я. А. Коменский "Эне мектеби" деген эмгегинде үй-бүлөлүк тарбияга биринчи кезекте маани берип, үй-бүлөдөгү мамилелер, карым-катнаш, сый-урмат, кулк-мүнөз балага кандай таасир этерине чоң көңүл бөлгөн. Көпчүлүк балдар кийин мерез болуп, ата-энесине көңүл бөлбөй, тил албай капа кылары, сыйлабай, бакпай таштап кетери да үй-бүлөдөгү карым-катнаштын таасири деген. Ал: "Ар бир үй-бүлөдө эне тил мектеби болуш керек", - деп жазган ушул китебинде [6].

Англиялык философ, агартуучу педагог Джон Локк "Адамзаттын акыл-эси жөнүндө тажрыйба" деген эмгегинде баланын жан дүйнөсү "таза доскага" окшош, ага эмнени жазсаң, ошону кабыл алат, баланы эмне курчап турса, ошону гана билет деп айткан. Адамдын көз карашын, адаттарын, адеп-ахлактуулугун, мамилесин калыптандырууда негизги роль тарбияга, өзгөчө, үй-бүлөгө таандык деп эсептеген. Айрыкча, балдардын туруктуу жакшы адаттарын тарбиялоо маанилүү экендигин баса белгилеген. Оройлукту, баш ийүүнү күч менен эмес, жакшы сөз менен, баланын жекече жана куррактык жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбия иштерин уюштурууга көңүл бөлгөн. "Кулдук тартип кулдук мүнөздү түзөт", - деген Дж. Локк өз эмгегинде.

Дж. Локктун педагогикалык идеяларын Франциянын алдыңкы ойчул-философу, жазуучу Жан Жак Руссо уланткан, анын "Эмил же тарбия жөнүндө" деген педагогикалык эмгеги үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо жөнүндөгү идеяга арналып, баланы ата-эне тарбиялашы керектигин баса белгилеген. Инсанды калыптандыруунун эң негизги белгилери: акыл-эс, дене, адептик жана эмгекке тарбиялоо экендигин эмгегинде белгилеген.

Ж. Ж. Руссонун айтуусу боюнча, балага тарбиянын үч фактору: табият, адамдар жана коом таасир этет. Өз эмгегинде баланын табигый өнүгүүсү жогоруда аталган факторлорго жараша камсыз кылынарын айткан. Ал үчүн баланын кызыкчылыгын эске алып, керектөөсүн калыптандырып, эркин өнүгүүсүнө шарт түзүлүшү зарыл деген [3 ].

Ал эми Швейцариянын кеменгери педагогу И. Г. Песталоцци өз эмгектеринде үй-бүлөдө карым-катнаш мамилесин түзүү – жекече инсанды калыптандыруунун фундаменталдык идеясы деген. Табияттын өзү эле баланын эне менен мамиле түзүүсүнүн, инсанды социалдаштыруунун биринчи баскычы экенин баса белгилеген. Баланын биринчи жаралган саатынан баштап, эне менен болгон мамилеси калыптанып, улам чоңойгон сайын үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү менен мамиле кеңейип, үй-бүлөлүк мамиледен граждандык мамилеге өтүү башталат деген. Мына ушул ойлордон швейцариялык педагог төмөнкүдөй маанилүү корутунду чыгарган: үй-бүлө – алгачкы тарбия берүүчү фактор, ал эми ата-эненин үйү – алгачкы тарбия берүүчү чөйрө, ал эми ата-эненин үйү – чыныгы табигый тарбиянын негизи жана "адеп-ахлак жана мамлекет мектеби" деп айткан. Үй-бүлөдөгү жылуу, адамгерчилик, бири-бирине жардамдашуу мамилеси, баланы жаш кезинен эле колунан келе турган жумушту жасоого үйрөтүүнү тарбиянын жашыруун сыры деп эсептешкен [3].

Улуу орус педагогу К. Д. Ушинский өзүнүн "Эне тили" жана "Балдар дүйнөсү" деген окуу китептеринде тарбия берүүнүн элдик идеясын ачуу менен, "Эне тили – улуу педагог" жардам берерин айткан.

К. Д. Ушинский эне тили гана баланын руханий дүйнөсүн байытып, ата-энеге болгон мамилесин, сүйүүсүн арттырат деген. Ал өз эмгегинде үй-бүлөдө бала жөнөкөй билим, таалим-тарбия алып, ата-энесинен тартип, тазалык, мамиле, кулк-мүнөз эрежелерин үйрөнөт деп көрсөткөн [4].

Кыргызстанда да жаш муундарга үй-бүлөдө тарбия берүүгө жана баланын ар тараптан өнүгүүсүнө өзгөчө көңул бөлүнгөнүн эч талашсыз. Баланы акылдуу, кайраттуу, кайрымдуу, өнөрлүү, ак ниет, чынчыл, эмгекчил болуп тарбиялануусуна кыргыз эли ар убакта чоң маани берип келген. Ата-эне менен баланын ортосундагы мамиле, эмоциялык сезимдер алардын каны менен жанынын биримдигин негизинде пайда болору шарт.

Азыркы убакта заман өзгөргөнгө байланыштуу, үй-бүлөдө ата-энелер менен баланын ортосундагы мамиле көптөгөн кыйынчылыктарга туш болууда. Мурда баарыбызга белгилүү болгондой, ата-эне бала үчүн ичкен ашын жерге коюп, бала үчүн бүт өмүрүн арнап жашачу. Ал эми азыр балага болгон мамиле төмөндөп бараткан сыяктуу сезилет.

Мамлекет менен коомчулуктун милдети – баланын укугун коргоо, окутуу, тарбиялоо иштерин үй-бүлөдө өткөрүүгө жардам берүү. Бала үчүн үй-бүлө эң маанилүү жана керектүү чөйрө болуп саналат.

Адамдын жан-дүйнөсүн, кулк-мүнөзүн, кызыкчылыгын, талабын, баалуулугун ж. б. изилдөөлөр психолог-илимпоздор тарабынан уюштурула баштаган. Ушул багытта иш жүргүзгөн М. И. Лисина, К. Т. Шеризданова башталгыч класстын окуучуларынын курбалдаштары менен карым-катнаш маселесин изилдешкен. Алар үй-бүлөдө жана ар түрдүү типтеги балдар мекемелеринде тарбияланып жаткандардын карым-катнаш маданиятын салыштырып карашкан. Балдар үйүндө тарбияланып жаткан балдар бардык керектүү нерселер (жатакана, тамак-аш, кийим-кече ж. б.) менен камсыз болгонуна карабай, чоң кишилер менен эмоционалдык байланышка муктаж экендиги аныкталды [4].

Пикир алышуу жана тарбиялоо аспектисинде психологиялык туура тарбия ар бир башталгыч класстын окуучуларынын өнүгүшүндө пикир алышуунун илимий негиздеринин калыптанышы болуп саналат.

Окумуштуу М. Н. Лисин ар кандай курактагы балдарды тарбиялоонун ролун жана пикир алышуу процессиндеги алардын жөндөмдүүлүктөрүн изилдеген. Изилдөөдө башталгыч класстын окуучуларынын карым-катнашы жана түшүнүүсү бири-бири менен тыгыз байланышта деген жыйынтыкка келген. Бала жаралгандан баштап анын пикир алышуусу айланасындагы адамдардын керектөөсүнө багытталат деген.

Карым-катнаш башталгыч класстын окуучуларынын эң маанилүү иш-аракети болуп саналат. Көптөгөн окумуштуулардын айтуусу боюнча, карым-катнаш турмуштук, окуучулардын башка аракеттерине окшобогон, өзгөчө иш-аракет болуп эсептелет. Изилдөөчүлөрдүн байкоосунда, карым-катнаш турмуштук эң керектүү, баланын өмүр сүрүү жолунда калыптана турган иш-аракет экени бааланган.

Эрте жаштагы балалык чак менен башталгыч класстын окуучулук куракта карым-катнаш байланышы өзгөчө экендиги байкалат. Башталгыч класстын окуучуларынын өз курбалдаштары менен болгон байланышы бир канча формаларда өтөт. Анын эң алгачкы формасы – ар кандай шартка байланыштуу жекече түрдө, кийинкиси – шартка байланыштуу аракеттерде, үчүнчүсү – шарттан тышкаркы таанышууга жана төртүнчүсү – шарттан тышкаркы жеке байланыш болуп бөлүнөт. Башталгыч класстын окуучулары жекече өз алдынча байланыш түзүүгө аракеттенген өзгөчөлүктөрү кездешет. Карым-катнаш баланын психикалык дүйнөсүнүн негизги фактору жана каражаты болуп саналат.

Советтик психологдор жана педагогдор карым-катнаш деген түшүнүккө бир нече аныктама беришкен. Кээ бирлери карым-катнашты пикир алмашуу, маалымат берүү деп караса, кээ бирлери карым-катнаш адамзат дүйнөсүнүн бир бөлүгү деген түшүнүктү айтышкан [4].

Л. С. Выготскийдин изилдөөсү боюнча, башталгыч класстын окуучуларынын өнүгүүсүндө чоңдордун көрсөткөн жардамы, карым-катнашынын негизинде “баланын өнүгүүсүнүн жакынкы зонасы” түзүлүп, айлана-чөйрө менен болгон байланышы кеңеет. Карым-катнаш баланын кулк-мүнөзүнүн формасынын эң жогорку социогенези, баланын маданий дүйнөсүнүн өнүгүш тарыхы болуп саналат. Адамдын турмушу менен иш-аракетинин өнүгүүсү маданий дүйнө менен тыгыз байланышта экени баса көрсөтүлгөнү биз үчүн өтө маанилүү.

Башталгыч класстын окуучуларынын жекече өнүгүүсүнүн жана көз карашынын калыптануусунун негизги мезгили ушул курак болуп саналат.

Б. Г. Ананьев: “Адамдын кулк-мүнөзү аны курчап турган айлана-чөйрөнү өзгөртүп түзүүсүнөн жана анын турмуштагы иш-аракетинен гана эмес, карым-катнаш жана таанып-билүү субъектисине көз каранды”. Ушул үч көрсөткүчтүн натыйжасында гана адамдын жекече өнүгүүсү ойдогудай калыптанары шексиз [8].

Башталгыч класстын окуучулары курбалдаштары менен болгон карым-катнашы өзгөчө мааниге ээ болуп, өтө эле эмоционалдуу түрдө өтөт. Алардын мамилелери да көп жактуу. Пикир алмашууда окуучулар эркин мамиледе болушат.

“Карым-катнаш канчалык коомдук көрүнүш болсо, ошончолук жеке социалдык да көрүнүш болуп саналат. Ошондуктан карым-катнаштын эң маанилүү куралы – тил, анын негизги механизми – сүйлөшүү”. Карым-катнаш жалаң гана тил аркылуу мамиле түзүү эмес, ал тарбиялоонун да кубаттуу куралы болуп эсептелет [5].

Көптөгөн окумуштуулар окуучу менен окутуучунун, жетекчи менен кол астындагылардын, ата-эне менен баланын ж. б. карым-катнаштарын талдай келип, анын мазмуну, аракет, элементтери тил аркылуу гана эмес, көптөгөн эмоциялык коштоолор, толкундаткан ой жүгүртүүлөр, ассоциативдик байланыштар менен да тыгыз мүнөздө экенин да аныктаган. Окумуштуулардын ою боюнча, адамдын жекече инсандык касиеттери: мүнөзү, ою, ички байлыгы, керектөөсү, кызыкчылыгы да карым-катнашта калыптанып өсөт. Мындан улам ата-эне менен тарбиячынын карым-катнашта ролу чоң экенин баамдоого болот.

Карым-катнаш – татаал, көп кырдуу көрүнүш. Ал иш-аракетте адамдардын-ортосундагы мамилени чагылдырат. Анын социалдык мааниси балдардын ортосундагы мамиле түзүлүп, анын натыйжасында адамдар бири-бирине таасир этип, инсандык керектөөсүн, моралдык, эстетикалык, маданияттуулук сезимдерин калыптандырып, мүнөзүн өзгөрткөнүндө. Окуучулардын калыптануусуна коом, айлана-чөйрө таасир этери белгилүү. А. А. Бодалевдин ою боюнча, карым-катнаш кайсы убакта, кандай жана кайсы жактары менен инсандын жекече өнүгүүсүнө таасир этери, жогорку идеяларга шайкеш калыптануусу аныкталган. Мындан башталгыч класстын окуучуларынын калыптануусунда коомдук тарбия менен ата-эненин, курбалдаштарынын, тарбиячылардын таасирине көңул бөлүү керек экени белгилүү.

Орус окумуштуусу Б. Т. Лихачев үй-бүлө балага эки жактуу, биринчиден, материалдык жактан камсыз болуу жагы, экинчиден, үй-бүлөнүн маданий жана руханий байлыгы таасир этерин ачып көрсөткөн. Бул көбүнчө үй-бүлөгө коом, анын максаты, идеологиясы, эстетикалык көз караш, адамгерчилик мамилелердин калыптанышы да өз таасирин тийгизет дегендик.

Кайсы гана тарыхый доор болбосун, адамдын жекече өнүгүүсү өзү жашаган коомдо, айлана-чөйрөдө жана үй-бүлөдө өтөрү белгилүү.

Атактуу орус педагогдору А. С. Макаренко, В. А. Сухомлинский, Е. А. Аркин ж. б. баланын ар тараптуу өнүгүшүнүн негизи үй-бүлө болуп эсептелет дешкен [4 ].

Көп жылдар бою кароосуз калган балдар менен иштеп жүрүп, А. С. Макаренко үй-бүлө бала үчүн өзгөчө орун ээлерин баса белгилеген. Үй-бүлөдө ата-эненин өзүнүн жүрүш-турушу, бири-бирине болгон мамилеси, сый-урматы өтө маанилүү экендигин баса көрсөткөн. Ата-эне бала үчүн жакшы көрүнүштөрдүн үлгүсү болушу керек. Үй-бүлөдөгү мамиле, тартип, режим бала үчүн үй-атайын колдонулган ыкмалардан да көрүнөт деген оюн айткан. Бүткүл өмүрүн айылдык мектепке арнаган устат, илимпоз жана тажрыйбалуу мугалим В. А. Сухомлинский балдардын ар тараптан өнүгүүсүнө айлана-чөйрөнүн таасири зор экенин көрсөткөн. Баланын мээримдүүлүгү, кичипейилдиги, боорукерлиги, адамгерчилиги айлана-чөйрөгө карата калыптанат, мындай шартты үй-бүлөдө ата-эне гана түзө алат деген улуу педагог [3].

Е. А. Аркин ата-эне менен бала жылуу мамиледе болуусу керектигин айткан. Сүймөнчүктүү, урмат-сый, бири-бирин түшүнүү мамилеси баланын жүрүм-турумун гана эмес, акыл-эсин тарбиялап, билимдүү болушуна шарт түзөт деген. Бала ата-энеден башка адамдардын сөзүнө анча баа бербейт, бирок ал үчүн ата-эненин айткандары өтө баалуу деген.

Т. А. Макарова үй-бүлөдө тарбиянын маанилүү экендигин белгилеген бир нече факторлорду атаган. Алар:

1. Үй-бүлөдөгү эмоционалдуу тарбия – жылуулуктун жана бактылуу балалыктын бирден бир шарты.

2. Үй-бүлөдө ата-эне, ага-эже ж. б. үй-бүлө мүчөлөрү менен узакка мамиле түзүлүп, алардын тарбиясын алууга толук мумкүндук бар.

3. Башталгыч класстын окуучулары кичине кезинен баштап эле колунан келген жумуштарга (турмуштук, эмгек, чыгармачылык, оюн) аралашуусу зарылдыгын айткан.

Башталгыч класстын окуучуларынын жашоосунда үй-бүлөдөгү тарбиялоодо карым-катнаш маданияттын олуттуу мааниси бар экендиги балашсыз.

**Адабияттар:**

1. Азаров, Ю. П. Семейная педагогика. Педагогика любви и свободы [Текст] / Ю. П. Азаров. - М., 1993.

2. Апышев, Б. Тарбия дидактика [Текст] / Б. Апышев. - Бишкек, 2008.

3. Апышев, Б. Педагогика [Текст] / Б. Апышев, Д. Б. Бабаев, Т. А. Жоробеков. - Бишкек, 2002.

4. Бордовская, Н. В. Педагогика [Текст] / Н. В. Бордовская, А. А. Бордовская, А. А. Реан. - СПб: Питер, 2004.

5. Мардахаев, Л. В. Социальная педагогика [Текст] / Л. В. Мардахаев. - М.: Гардарики, 2005.

6. Мудрик, А. В. Социальная педагогика [Текст] / А. В. Мудрик. - М.: Академия, 2002.

7. Марщиновская, Т.Д. Программа семейного воспитания «Растим вместе» [Текст] / Т. Д. Марщиновская, Н. А. Масликова, Л. В. Усенко. - М., 2009.

8. Рахимова, М. Р. Социалдык педагогика [Текст] / М. Р. Рахимова, М. А. Абдыкеримов. - Бишкек, 2004.